# Мурдагы пайгамбарлардын сөздөрүнөн адамдарга кеңири тараганы: "Эгер уялбасаң, каалаганыңды кыла бер" деген сөз

Абу Масуд Укба бин Амр Ансари Бадри (ага Аллах ыраазы болсун) айтат: Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айткан: "Мурдагы пайгамбарлардын сөздөрүнөн адамдарга кеңири тараганы: "Эгер уялбасаң, каалаганыңды кыла бер" деген сөз".

[Сахих (ишенимдүү)] [Бухари жазып калтырган]

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) кабарлайт: мурдагы пайгамбарлардын осуяттарынан кылымдан кылымга өтүп эл арасында айтылып акыркы үммөткө чейин жеткен сөз: эмне кылганы жатканыңа кара, эгер ал ишиң үчүн уялбай турган болсоң, кыла бер. А эгер ал ишиң үчүн уяла турган болсоң, аны кылба. Анткени, жаман ишти кылуудан тосуп турган нерсе уяттуулук. Кимде уяты жок болсо, ал бардык жаман, бузук иштерди кыла берет.

http://sunnah.global/hadeeth/ky/show/66523